| Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги |
|---|---|---|
| “_____”_______ 2025-ж. № ________________ | “_____”________ 2025-ж. №____________ ___ | “_____”________2025-ж. №____________ __ |

**БИРГЕЛЕШКЕН БУЙРУК**

**“Кыргыз Республикасында абанын сапатынын индексин (АСИ) эсептөө методологиясын ишке киргизүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын “Атмосфералык абаны коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Мыйзамын ишке ашыруу максатында **буйрук кылабыз:**

1. “Кыргыз Республикасында абанын сапатынын индексин (АСИ) эсептөө методикасы” тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматы:

- Кыргыз Республикасындагы атмосфералык абанын сапатынын индексин эсептөө методикасын иште колдонуу үчүн кабыл алсын.

- Коомчулукту маалымдоо жана калктын саламаттыгына болгон коркунучтарды азайтуу максатында, бекитилген абанын сапатынын индексин (АСИ) эсептөө методикасын (мындан ары - Методика) ишке киргизсин жана аны Гидрометеорологиялык кызматтын расмий сайтына интеграциялоону камсыздасын.

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги Гидрометеорологиялык кызмат менен биргеликте атмосфералык абадагы булгануучу заттардын деңгээлинин өзгөрүшүнө жараша калктын саламаттыгына тийгизген коркунуч деңгээлин баалоо үчүн колдонулуучу сунуштарды өз убагында жаңыртууну, ошондой эле абанын сапатынын индекси (АСИ) эсептөө ыкмасын мындан ары өркүндөтүүнү камсыз кылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги КР ӨКМ алдындагы Гидрометеорологиялык кызматына атмосфералык абанын сапатына мониторинг жүргүзүү системасын модернизациялоодо көмөк көрсөтсүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

5. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги бул буйрукту расмий сайттарында жарыялоону камсыз кылсын.

6. Биргелешкен буйрук кол коюлгандан алты ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

7. Бул биргелешкен буйруктун аткарылышын контролдоо министрлердин тиешелүү орун басарларына жүктөлсүн.

| | | |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министри** | **Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министри** | **Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин милдетин убактылуу аткаруучу** |
| **М.А. Машиев** | **Э.М. Чечейбаев** | **А.М. Мамбетов** |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН